# Алай жоортуулу

## Алай ханышасы Курманжан Датка

Айтылуу "Алай ханышасы" деп аталган Курманжан датканын туулганына быйыл кулжа айында 200 жыл толот.Кыргыз элинин XX кылымдын II жарымындагы тарыхында терең из калтырып,ошол доордун саясий майданында бараандуу фигурага айланган бул тарыхый инсандын эл башкарган иш билги акылдуулугуна,кыяр дипломаттыгына,эл башына мүшкүл иш түшкөндө жасаган чечкиндүү кадам-аракеттерине кимдер гана таазим этпеген,тан бербеген. Мына бир кылымдан ашуун мезгилден бери тарых күүсүндөгү бул датка аял жөнүндө эл оозунан түшпөгөн аңыз кептер айтылып,-жашап өткөн өмүр белестерине арналган тарыхый, көркөм чыгармалар,дастандар жазылып,көркөм жана даректүү кинотасмалар тартылып,кыл калемдер аркылуу анын бейнеси полотнолорго түшүрүлүп,комуз күүсүндө уктурулуп келүүдө. Ал эми тарыхчылар болсо Курманжан датка жана ал жашап өткөн доордун ар бир урунттуу учурларына илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет.Мына ошолордон бир үзүм уландысы катары биз да Курманжан датка баш болгон алайлык кыргыздардын мындан 135 жыл илгери орус бу-каралыгына өтүшү тууралуу сөз козгоп,карт тарыхтын катталып жаткан бүктөмдөрүнөн сууруп алып,сунуш кылууну эп көрдүк.

жазган: ".. биздин аскерлер айылкыштактарды кылыч жана от менен басып өтүшүп, артыларынан жер жайнаган өлүктөрдү, түтүнү көккө чубалжыган өрттөнгөн үйлөрдү калтырып отурушту". Мындай ырайымсыз аракеттер алайлык кыргыздардын кыжырдануусун пайда кылып, Курманжан датканын тун уулу Абдылдабек кол жыйнап, Алай өрөөнүнө орус аскерлеринин илгерилөөсүнө тоскоол болушкан.

Бул жөнүндө дагы бир орус тарыхчысы жана аскер-географы К.Н.Таубе "Алайская царица" (1886-ж.Казан) эмгегинде иликтөөгө алган. Мындан тышкары ошол мезгилдеги бул окуяларга күбө болушкан аскер-географтары В.Ф.Ошанин, К.Абаза, окумуштуу лингвисттер Л.В.Тагаев, И.П.Ювачевдер да кагаз беттерине өз маалыматтарын калтырышкан.

1876-жылдын жазында орус аскерлери Ошту ээлешип, бирок андан ары тоо таянып жылышы убактылуу токтотулат. Бул тууралуу орус тарыхчысы М.А.Терьентев жогоруда биз атап өткөн эмгегинде,-мынтип белгилеген: "Не признавшие власти нашей в бывшем кокандском ханстве кара-кыргызы,-кочующие в Алайских горах стал последнее время собираться в шайки более и менее значительные с очевидной целью поднять против нас недавно успокоившееся население". Жаңыдан түзүлгөн Түркстан крайынын генерал-губернатору

дө дагы бир катышуучу,аскер гоеграфы К.К.Абаза ошол маалда чыга баштаган "Түркстан ведомосту" журналына өз эскерүүлөрүн чыгарган.Анын жазганына караганда 1876-жылдын август айынын башында жолго чыккан аскер экспедициясына полковник Витгенштейн жетекчилик кылып,ал эки атчандар ротасынан жана Ошко орус бийликтеринин талабы менен келген Шабдан Жантаевдин жол чалуучу чалгынчылар тобунан тургандыгы маалым.Дагы бир катышуучу Л.Ф.Костенконун күндөлүгүнө жазып калтырган эскерүүсүнө ишене турган болсок "Алай жоортуулуна" 390 солдат жана офицер катышып,экспедиция курамына аскер-географтары,топографтар,-лингвист адистери киргизилген. Бирок жергиликтүү Ш.Жантаевдин чалгынчылар тобу жөнүндө эч кандай эскерүү жазган эмес.

## Алгачкы беттешүү

Багынуудан баш тартышкандар менен алгачкы беттешүү Гүлчө багытында болуп,тарыхый так эмес маалыматтарда жазылгандай Абдылдабек 1500 гө жакын колу менен буктурма уюштуруп,орус аскерлеринин жолун тосушкан. Жаңырык капчыгайындагы бул алгачкы кармашта алайлык кыргыздар эки топко (биринчисине Оморбек,экинчисине Сулайман удайчы башчылык кылган) бөлүнүп душманга ок чыгарышып,таш кулатышкан. Кармаштын күбөсү

учурда Абдылдабектин жүрөгүн гана түйүп,алып келишкендиги,энеси Курманжан датканын буйругу менен таштан жүрөк чектирилип-,ичине уулунун жүрөгүн салдырып,көмүү зыйнатын жасаган деген кеп эл арасында айтыла калып жүрөт.

Душман күчүнүн артыкчылыгын сезген,кыраакы датка бөөдө боло турган кыргындан өз элин алып калуунун амалын ойлоп, орус төбөлдөрү менен жарашууга кадам таштап,аман калган балдарын куралдарын таштоого чакырат. Ал эми К.Н.Таубе Курманжан датка уулу Абдылдабектин жеңилгендигин угуп,адигине уруусунун бир бөлүгү менен Кашкар тарапка ооп жөнөөгө аракет кылгандыгын жазат.Бирок Таубенин бул жазган маалыматынын канчасы чын,канчасы төгүн айтуу кыйын.Анткени эл оозундагы аңыз кептерде да,тарыхый башка булактарда да Курманжан датканын башка жакка баш паана издегендиги жөнүндө эч нерсе айтылбайт.

Ак-Босогодо генерал Скоблевдин атайын өкүлү майор Ионов менен тынчтык сүйлөшүүдөн баш тарткан "Алай ханышасы" 1876-жылдын коңур күзүнүн бир күнүндө Ошко (айрым тарыхый булактарда Мадыда деп айтылат) генерал Скоблев менен жолугушууга келген. Курманжан датка орус генералына алайлык кыргыздардын гана өкүлү болбостон бүткүл Фергана чөлкөмүнүн да өкүмдар башкаруучу болгондугун белгиси ка-

фон-Кауфмандын көрсөтмөсү боюнча уюштурулган бул жолугушууда эки тарап тең өз шарттарын белгилешип, шартнааманын аягына кол коюуда датка баш бармагын сыялатып, өз мөөрүн баскан. Кеп арасында кыстарып кетчү нерсе, жогоруда айтылган жети шаардын Анжияндын, Намангандын, Оштун, Кокондун, Фергананын, Маргалаңдын жана Хоженттин орус карамагына өткөрүлдү дегенди туюндурган сыяктуу.

## Датканын балдары тууралуу

Эки тараптык сүйлөшүүдө Курманжандын балдарынын тагдырлары да кеп арасында айтылып,орус бийлиги аларга кечирим берилээрлигин уккан датка балдары менен бирдикте ак падышага кызмат кылаарын, кызматташ.болоорун билдирип кеткен. Чын эле көп өтпөй анын балдары Ош, Анжиян уезддеринде жергиликтүү бийлик башкаруу кызматтарына ээ болушкан. Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" тарыхый романында баяндалгандай Оштогу тынчтык келишимдин аягында генерал Скоблев Курманжан даткага сый катары кымкап тон жаап,императордук регуляр армиясынын полковниги деген чиндин берилгендигин жана падышалык казынадан 300 рубль өлчөмдө пенсия чегерилип тураарын жолугушууга катышкандар алдында жарыя кылган.Ал эми Курманжан датка орус бийли-

алып,сунуш кылууну эп көрдүк.

Элибиз өзүнүн көп кылымдык басып өткөн тарыхында дарексиз жоголуп кетпей жашап калуу үчүн күрөштүн кыйырсыз узак жолунда далай опурталдуу бурулуштарды башынан өткөрбөдү. Ошондой учурлардын бири XIX кылымдын II жарымында түштүк кыргыздардын адегенде Кокон хандыгынын зулумдугуна,андан кийин орус империясынын басып алуучу жоортуулдарына каршы күрөш десек жаңылышпайбыз. Тарыхта белгилүү болгондой 1873-1876-жылдардагы түштүк кыргыздардын баатырдык күрөшү жеңилүү менен аяктап,анын башында турган Полот хан дарга асылып,орус бийликтерине он жылга жакын вассал болуп келген Кудаяр хандын тактысы жоюлуп,хандыктын жерлеринде Түркстан крайы түзүлөт. Бирок 20 миң түтүндөн ашык алайлык кыргыздар өз башкаруучусу Курманжан датка жана анын балдарынын айланасына биригишип, орус аскерлеринин Алай-Памир тоолорунун арасына кирүүсүнө каттуу каршылык кылышкан.Анын да жөнү бар эле. Орус баскынчылары эки дарыя аралыгы (Нарын жана Кара-Дарыя) аймагында жашаган жергиликтүү элди кулак угуп,көз көрбөгөндөй жазалашат. Элдин башына түшкөн бул апаатты жазуучу Т.Касымбеков өзүнүн "Сынган кылыч" деген тарыхый романында чеберчилик менен сүрөттөп жазган. Ал эми орус тарыхчы М.А.Терьентев өзүнүн 1906-жылы Санкт-Петербургда басылып чыккан "История завоевания Средней Азии" деген монографиясында өз көзү менен көргөндөрүн моюнуна алып,мынтип крайынын генерал-губернатору фон-Кауфман баш ийбей жаткан тоолук кыргыздар менен эсептешүүгө аргасыз болду. Өзүн "жарым падыша" деп атоону жакшы көргөн фон-Кауфманга бул чөлкөмдөгү эң таасирдүү өкүмдар аял Курманжан датка тууралуу көп маалыматтарды жеткиришет. Кокон хандыгынын тушунда эле Бухара эмираты, Кашкардагы Жети-Шаар, Ооганистан сыяктуу өлкөлөрдүн бийлик төбөлдөрү менен жакшы ымалада болгондугуна кабардар болгон крайдын башкаруучусу Курманжан датка менен тил табышып,маселени курал колдонбой чечүү амалын издегендигин жашырган эмес. Айтмакчы, Курманжан датканы "Алайская царица" деген бийик ат менен атаган дал ушул фон-Кауфман болгон.

1876-жылдын жайында баш ийүүдөн баш тарткан алайлык кыргыздарга каршы аскердик күч менен багынтууга даярдык көрүлүп,боло турган жоортуул "Алай экспедициясы" деп аталган. Экспедицияга түздөн-түз көзөмөл болуу генерал Скоблевге жүктөлөт. Фергана чөлкөмүндө өзүнүн ырайымсыз эрдиги менен кабары падыша Александр IIге чейин угулган бул генерал эки жылдан кийин 1878-жылы орус-түрк согушунда айтылуу Шипка ашуусунда окко учуп,анын ысмы менен Фергана шаары 1918-жылга дейри аталып келди.Орустун аскер-географы,-бул жоортуулдун катышуучусу К.Н.Таубе "Алай экспедициясы" тууралуу мынтип жазган: "..генерал-губернатор фон-Кауфман приказал генералу Скоблеву двинуть вдоль вдолины и идти с главными силами в Восточную часть гор".Аскердик экспедиция жөнүн кулатышкан. Кармаштын күбөсү болгон аскер-географы В.Ф.Ошанин "тоолуктар жакшы согушту жана жер ыңгайын пайдаланып, бекем турушту" деп белгилеген. Бирок кантсе да күчтөр тең болбой,орус аскерлери алайлык кыргыздарды чегинүүгө мажбур кылышып,ээлеп турушкан жерлеринен сүрүп чыгарышат. Эки тараптан тең жоготуу көп болот.

1876-жылдын август айынын аягында Алайга тереңдеп кирип барган орус аскерлери Абдылдабектин буктурмасына Сопуда жана Сохто туш болушат. Сох капчыгайында орус аскерлери жаңы толуктоолорду алгандыктан жана жеңил замбиректерден ок чыгарышып, каршылаштарын Чоң-Алайга чегинүүгө аргасыз кылышкан. Соңку кармашта Абдылдабектин мүрүсүнө ок жаңылып,жигиттеринин бир бөлүгү менен Ооган жерине өтүп кетип,ошол жарааты ырбап, ошондон улам бөтөн жерде көз жумгандыгы тарыхта маалым. Ушул жерде тактап алуучу бир нерсе, Абдылдабектин сөөгүнүн кайсыл жерде жашырылгандыгы тууралуу эл ичиндеги аңызкептер айтылып келет. Ырбап кеткен жараатынан оңоло албастыгына көзү жеткен Абдылдабек өлгөндөн кийин сөөгүм бөтөн жерде калбасын,айлаасын таап Алайга алып баргыла деп жолдошторуна,-каттуу керез калтырат. Айрым аңыз-кептерде айтылып жүргөндөй,орус аскерлери тарабынан чек ара каттуу көзөмөлгө алынгандыктан анын сөөгүн жыл өткүчө Кабулдун эски көрүстөндөрүнүн биринде жашырышып, Алайдын Каргаша айылына төтө жолдор аркылуу эптеп алып келишип,жерге берилгендиги айтылса,башка бир каруучу болгондугун белгиси катары күмүш табака салынган жети ачкычты бергендиги Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" тарыхый романында көркөм сүрөттөлгөн.Бул тууралуу элдик фольклордо айтылып жүргөндөй датка өлгөндө небере кызы:

"Анагым айла тапкычым,
Абийирин элдин жапкычым.
Анча элди кырдырбай
Анагым берген оруска,
Анжияндын ачкычын.
Ойлогон элдин бактысын,
Ооматын түзгөн сакчысын.
Орошон элин аттырбай
Чачына дайыма байлаган,
Оштун берген ачкычын." деп

кошок кошкону бекеринен эмес-тир.

Жогоруда айтылган жети ачкыч түйүнүн орус генералынын алдына таштагандыгы,андан тышкары кармашуунун токтолгондугунун белгиси катары Курманжан датка белиндеги кичинекей күмүш кыңгыраган чечип койгондугу али документалдуу түрдө так аныкталбаса да анын бир чети чындыгы бар сыяктанат.Мынтип айтып жаткандыгыбыздын да жөнү бар.1876-жылы жүз жылдан ашыгыраак жашап барып, кулаган Кокон хандыгы орун алган Фергана чөлкөмү, анын ичинде каршылык көрсөтүп, баш көтөргөн алайлык тоолук эл орус империясынын карамагына букара болуп өтүп жатканда жогоруда биз сөз кылган тынчтык шартнаамага кол кое турган абройлуу адам жалгыз эле Курманжан датка болгон. Муну орус бийликтери туура түшүнүшүп,-генерал Скоблев да бул жолугушууну мыйзамдуу көрүнүш катары баалаган. Айрым тарыхый булактарда белгиленгендей Түркстан крайынын генерал-губернатору кандар алдында жарыя кылган.Ал эми Курманжан датка орус бийлигинин мындай көрсөткөн урмат сыйына сүйүнбөй же күйүнбөй "ырахмат,мен эми азирети ак паашанын букарасымын"-деп акырын баш ийкеп отургандыгын эл оозунда бүгүнкү күнгө дейре аңыз кеп катары айтылып келет.

Бул окуядан кийин тоо ханышасы болгон Курманжан датка дагы отуз бир жыл өмүр сүрөт. Өмүрүнүн тоо таянган акыркы жылдарында тагдыр сыноосу аны дагы көп жолу сынайт. Адилетсиз шум замандын курмандыгына уулу,көкүрөк күчүгү Камчыбек 1895-жылы туш болгондо, балдары Асанбек, Мамытбек, Баатырбектери 1898-жылы болуп өткөн Анжиян көтөрүлүшүнө катышы бар деп Сибирге жалган жала менен айдалганда сексендин бел кырын аркалап калган эненин жүрөгү канап,көз жашы төгүлсө да күч кайратынан, коргошундай салмактуу, алтындай дат баспас нарк-насилинен жанган эмес. Бул жөнүндө учуру келгенде өзүнчө сөз кылабыз.

Сөз соңунда айтаарыбыз,элибиздин басып өткөн күрөш жолундагы тарыхый ар бир урунттуу учурларына серепсалып,акыл-эс таразасы аркылуу салмактап,тарыхыбыздын "ак тактарын" толтурууга мезгил жетти бейм. Кылым карыта жашап,өзү жашаган кылымынын курбалдашы болгон Курманжан датка өңдүү тарых күүсүндөгү инсандардын жасаган иштери,өмүр таржымалдары санжырага айланып,муундан муунга кийинки урпактарга уланып айтыла берээри бышык.

**КАЗАКБАЕВ К.К.**
**Ош шаарындагы**
**№ 30-А.Алиев орто мектебинин тарых мугалими**